12 (205)

Казак кыргыз
окуясы

Мазмуну.

1. Казак кыргыз окуясы 1-101.
2. Машина-я копия 1-71.

Жыйнаган ж/а жазган
Абдрахманов Н.
(латын алфавитинде)
1938-жыл

Казак, кыргыз окуясы

Ошо замандын ырчылары айткан.

Чүйдүн сары жыланы,
Арбашканын айтайын.
Кененсары,Ормондун
Кармашканын айтайын.
Казак менен кыргыздын
Четтешкенин айтайын.
Орус менен кытайдын,
Беттешкенин айтайын.
Сары-Аркадан Кенен кан,
Жол жүргөнүн айтайын.
Кыргызды жөнгө салам деп,
Мол жүргөнүн айтайын.
Чүйдү бойлоп жол жүрүп,
Текеликтин сеңирде,
Келген жерин айтайын.
Май дөбөнү май кылып,
Өлгөн жерин айтайын.
Ак моло келген орусту,
Токтотконун айтайын:
Салтанатын сан каптап,
Окшотконун айтайын.
Ормон хандын Кененге,
Келген жерин айтайын.
Артында Кенен Ормондон,
Өлгөн жерин айтайын.

Сары Аркада казакты,

Айдап журуп жеп келди.
Сарбагышка Кенен кан,
Аким жушөм деп келди.
Солтого тукум койбостон,
Соолтомун деп келди.
Жан койбоймун деп келди,
Саяк менен бугуга,
Кыргызда мендей эр барбы,
Бетиме каршы чыгууга".

Бул Кенен кандын тупкулуктуу максаты казак,кыргызга душман. Чыңгыз хандын уругунан, тубу калмакка туушкан. Бабасы Чыңгыз. Мунун тукумунан, балакети көп болгон Жылкыс.

/1848-жылкы болгон окуялар/.

Кененсары кандын Ормонканга элчи жибергени.

Кененсарынын Эржан, Сарыжан,Ноорузбай деген инилери болуп, Агабай деген баатыры болуп бары чогулуп Кененкандын 40 төре деп аталган. Төре тукумдары казактын ар бир элине барып ак үйлүү турушуп казак элин эзип турушат.
Төрөлөр ичинде Кененсары,Ноорузбай артыкча залим болуп, кошоматына тартуу тартмак алып келип турбаган үч жуздун казактарын кекетип,"Байталы жал алган экен ээ" деп туудура чаап алып турган.
Кененсары ошентип үч жуздун казактарын бут бийледим деп турган учурда Сибер,Акмоло казактары өз ыктыярлары менен орус падышалыгына элчи жиберип карай баштаган.
Кененсары,Ноорузбай колдорунан келгендерин аянбастан оруска караган казактарды чаап, Акмолого келген орустаргада кыйла зыян келтирет.

Кененсары бир четин орус, бир жагынан казактар менен жоолашып отуруп, акыры Семей облусу менен Жети-Суу жерлериндеги казактарды кана башкарып калат.
Кененсары казак баатырларын жамкарып кеңешип, кыргыздын каны Ормонго чечендеринен элчи жиберип айтат:"Мен орус менен беттешип жатам, эгер орус барса сени да соо кылбайт, колуңдан бийлигиңди алып, жериңден ажыратып, аны менен жөн кобойт кыргызды кул кылат" деп орустун кылыгын билгенинче айтып жиберет. Бул кезде кыргыз, казактын арасында өтө бузулууда болуп барымта алышып, уй чабышуулар жыш болуп турган болучу. Таластагы кушчунун Бүргө баатыры да казакка кол салып турган. Кененсары Таласты бир жолу чаап да кеткен. Кыргыздын кыйласын сойгон, өзүнө төрө деп атак койгон, баш алдаяр деп, казак баш койгон. Бул Чыңгыздын тукуму, кызыкты кыла берген, кыргызды кыра берген. Ушул айтылган Кенен кан атасы мунун Касымка кан, чоң атасы Абылай кан. Буда кыргызга асылган. Жердеп турган жери, Сары суу деген жер болуп, бул кезде төмөнтөн орус келип толуп, Кененкандын башы тел болуп. Кыргыздан кабар алды, Ормонго элчи салды.

Оролдон ашып,
Омбуну басып,
Оозу түктүү орус келди.
Жолукканды соруп келди.
Бышырып жанды,бышкан чөптөй оруп келди.
Жакшы жерди алып,
Жан жолотпой коруп келди.
Камынган иши,
Казакты бүтүн алмак.
Жайлуу жерине ,

Келтирип шаар салмак.
Белдуу азаматтын баарын алмак,
Бейпай байга казак, кыргыздын барын салмак.
Кызыгын көрөрсуң,
Анан кыргыз сага бармак.
Куч кубатым кетти,
Казакка балда жетти.
Эми кыргыз сага барат,
Булукту мыктап салат.
Араба менен чанасы бар,
Ар кандай турдуу санаасы бар.
Адемдеп салган калаасы бар,
Сары башыл баласы бар.
Набакты деген ору бар,
Жайып койгон тору бар.
Набактыга тушкөн жандын,
Толуп жаткан шору бар.
Боп деген чачтуу молдосу бар,
Тил билген татар доргосу бар.
Келтирип кеңеш сөз кураган,
Кеңсалар деген ордосу бар.
Жургузгөн элге элчиси бар,
Кабар алчуу ченчиси бар.
Табыптын атын бура салган,
Доктор деген эмчиси бар.
Кара жолдун кашында,
Карагайдын башында,
Көмөрүп койгон чыны бар,
Чыны устунө жургузуп,

Тартып койгон зымы бар.
Тилгирамдын кагазы,
Тили миндин баасы.
Дин мусулман баласы,
Келбейт деп ойлойм чамасы.
Темирден кылган тактасы бар,
Жемиштен кылган бакчасы бар.
Алтын,күмүш,асыл бул жок,
Ак кагаздан акчасы бар.
Бул аярдыгын билгизет,
Айтып сөзгө киргизет.
Акчам ушу билет деп,
Ак кагаздан жүргүзөт.
Оң сүйлөсө терс сүйлөп,
Адамдын ичин күйгүзөт.
Айласы мунун кандай болот,
Айлыбыз кандай конот.
Эсеби мунун кандай болот,
Элибиз эми кандай конот.
Элдин сырын алдырбай,
Жердин чекин билдирбей.
Кайрат кылып,
Камынып туруп,
Жолун тозуп,
Катылыш кылсак кандай?"

Деп элчисин жөнөттү.

Орустун бийлеп жүргөн колонизаторлору элчи жиберге-нин өзүнүн койгон агенттери аркылуу билип кыргыз, казактын арасын ажыратуу үчүн жана Кененсарыдан кор-куп, пулдун күчү менен казактарга сүйлөшүп,кыргызга

жиберген элчинин ичине эзунун агенттеринен кошот. Оруска болушкандар Ормонго келип, Ормондух элчини жакшы кэрүп, Кененсары хандыкты мага берсин мен улуумун, калган ишти эзу билсин деп сыйлык берип узатат. Кайтып бара жатып, жылкы уурдап качат. Кыргыздар кармап алып, Ормонго алып келет. Ормон элчи эмес ууру экенсиң деп, кулагын кесип алып, айдап жиберет.

III. Кененсары баатырларын жыйын ке ешкени.

Кененсары душман орус эмес, кыргыз экен деп, урушту кыргызга жургузэм деп Кененсары кыргыздын тукумун курутам деп улук баатырынын барын чакырып кеңеш курат_. Бэлтурук чечен кыргызды мактайт.

Эл жыйылып болгон соң,
Устуне жыйын толгон соң.
Кененсары кеп баштайт,
Кепти ушундай деп баштайт,
"Орум эмес кыргыздан,
Жаңыдан душман табылды.
Каргашалуу кыргыздар,
Кайратыма кабылды.

Бул жерде Кененсарынын кашында: Чубуртмалуу элинен Агабай баатыр, Ак койлуу Байзак датка, Чапырашты элинен Шоорук баатыр, Ботбай элинен Супатай баатыр, Бэлтурук чечен, Эржан, Сарыжан тэрэлэр, тентек Ноорузбай иниси жана толуп жаткан тэлэндутээр болот.

Кененсары айтат: "Элчиликке өлум жок, жуучулукка кордук жок деген илгертен келген жол бар эле. Бул кыргыз жолду

жолду бузуп элчимдин кулагын кесип санат кылыптыр. Эми мен кыргыз менен тим турбай кагышам. Кыргызда жолборс чапкан уч баатыр бар, ошол учөөн колго алсак башкасын серпүүнгө келтирбейбиз. Ормонкандын иниси Түлкү карагайдын ичинен капыстан качырып чыккан жолборсту мылтыктын көчүгү менен жыга чаап өлтүргөн. 2- жолборс чапкан баатыр солто элинен Жаманкара деген болот. 3-жолборс чапкан баатыр, Жумгал деген жерде, саяк деген элинде Качыкенин Түлкүсү деген болуп, Анжыяндагы кайынына барып күйөөлөп жатканда камыштын арасына жатып алып жол бербей койгон жолборсту кокондун канынын алдында жыга чаап өлтүрүп абийир тапкан.

Кары жашың турасың,
Буга кандай жооп кыласың.
Чапыраштн Шоорук,
Кашымда турасың.
Кабарын уккан чыгарсың,
Кыргыздын кыйын кыянынан,
Жолборс кармаган уч баатыры бар:
Сарбагыш деген элден
Ормондун иниси болгон.
Баатырлыгында чен жок
Эч жеринде кеми жок.
Аты Түлкү,
Аябаты күчтү.
Жолборстун башын мылтык менен жара
чаап өлтүргөн.
Экинчи саяк уругу,
Жумгалда туругу.
Качыке баатырдын баласы,

Кандай кылса колунан,
Келе турган айласы.
Мунунда аты Тулку,
Ангемеси кулку.
Анжыянда кайны болгон,
Кайнына барып,
Куйөөлөп жаткан жеринде.
Кан уу кылып,
Калкка кабар салган.
Ал ууга ...
Калктын баары барган.
Бир туюк жерге,
Токойлуу жерге,
Жолборс жатып алган.
Бул жолборсту атууга,
Адам чыдап барбаган.
Кан башында турган,
Калкка жардык кылган,
Бул жолборсту алганда,
Абийир таап калганда.
Качыкенин Тулкусу,
Тулкунун келген кулкусу.
Өзүнө куч кубаты ишенимдүү,
Өлсөм ушундан өлөйүн деп,
Өлбөсөм абийир таап келейин деп,
Жолборско барган,
Баашын чаап салган.

Үшунчу Жаманкара баатыр Чүйдө жайылган малды, баскан жанды жеп койгон жолборсту колуна аркан чырматып барып, алда жолборсту өлтүргөн.

Кененсары ушул үч баатырды өлтүрүп кармап бер деп Шоорука тапшырат. Ушуларды өлтүрсөң башкасынын айласын өзүм табам дейт. Кыргыз жоого шайдоот чыйрак эл болуп, көздөрү кызыл, найзалары кыска, өздөрү эр болот" деп кыргыздын сыпаттарын айтат." Ой төрөм Кенен! Кыргызга атаң Аблай канда асылып пайда таппай, Берди кожо ,Султан Барак, Сан барак баатырларынан айрылган.

Атаң Аблай кыргыздын саягынан Садыр баатырын өлтүрөм деп күнүна миң казак берген. Кыргызга асылба, дагы элчи салып жараш" дейт. Мамыкта оонап жаткан бир төрө ачууланып айтат:"Кененкандын аманында жараткан кудай болсо да туруштук берө албайт" деп. Бөлтүрүк жооп кайтарат:" Ой карагым сенин бул кесириң алты кан алачка тиет, кудайга не асылдың?" деп. Супатай баатыр да Кененсарыга айтат:"Алдаяр бар, кыргыз менен урушпайлы" дейт. Кененсары ачууланып айтат:"Сен Супай кыргызга жан тартып турган жериң бар экен го, обол кыргыз менен беттешип анан сени мeңен беттешсем болот экен" дейт. Кененсары баш жалпы төрөлөрү бул жыйында кыргыз менен келишүүгө убада кылып тарашат. Шоорук, Жама Жаманкараны кармап берүүгө убада берет.

Кан сөзүнө кайтарып,
Бөлтүрүк чечен кеп салды.
Кептин жөнүн билдиприп,
Кеп салганда деп салды:
"Алдаяр каным
Аман жүрсүн жаның.
Кыргыз арзан эмес,
Кыйын душман,
Кыргызга барган,
Кылып кайтат бушман.

Жарагы көп болот,
Жери бек болот.
Аркайган ала тоосу бар,
Элине чеп болот.
Ашуусу бийик болот,
Аңы кийик болот.
Атканы бараң болот,
Айлы жама конот.
Аты күлүк болот,
Абышкасы чечен болот.
Алышам деген кыргыз менен
Айыкпаган кесел болот.
Сөзү узун болот,
Көзү кызыл болот.
Найзасы кыска болот,
Кепке уста болот.
Жоодон качпайт,
Ашыгып шашпайт.
Бет алдынан бара берет,
Баргандары майдан сала берет.
Тоосунун башынан,
Ак кар кетпейт.
Кыянат кылам деген,
Кыргызды кууп жетпейт.
Алдырып кайтат,
Арманын айтат.
Атаң Абылай кан,
Далайды жеңген.
Саяк Садырканды өлтүрүп,

Садырдын кунуна,
Миң казак берген.
Ата бабаң,
Тынчып жаткан эмес,
Кызыккан менен
Кыргыздан пайда тапкан эмес.
Алдаяр каным,
Менин тилим ал
Бул бейлиңден жан"

Бөлтүрүк муну айтып өтөт.

Керебет тактада,
Мамык бактада,
Ныксырап жаткан,
Казактын төрөсү Төлөнгүт Бөлтүрүктү кага сүйлөп,
Текебер менен сөз айтат:
Кыргызды мактайсың,
Мактаганың кеп эмес.
Атпай Алач,
Түрүлүп барса,
Түйшүктү салса,
Кенен кан төрө
Ачуусу келсе,
Кара кыргыз эмес,
Кудайды да жеңбейби.
Үркөрдөй болгон төрт кыргыз,
Колунан келбейби?
Калмакты жеңди
Колунан келди.
Орусту жеңди,
Жеңгенин көзүң көрдү

Онун несин айтасың
Калың кошун бармак керек.
Кыз-келинден олжо кылып,
Кыйласын бөлүп алмак керек.

Төрөсү муну айтып өттү.Б лтүрүк жана жооп катарында айтканы:

"Ой, төрөм Төлөнгүт!
Текебер сөзүң пайда кылбайт.
Казак кыйрата бер деп,
Кыргыз карап турбайт.
Чениң менен эсир,
Бул айтканың кесир.
Кыргыздан кыз, келин алмак турсун,
Өз аялың калат жесир.
Токтоло элек баласың,
Жаштыгыңан айтасың.
Сапырып сары кымыз ичкен,
Мастыгыңан айтасың.
Канат кыл бул жайга,
Катылбагын кудайга.
Катылыш кылсаң кыргызга,
Каласың кайгы убайга.
Ойронду кыргыз салат,
Олжону кыргыз алат.
Ой пирим ай, кантесиң!
Өлүгүң талаада калат.
Кыргызга катылба,
Балакетке чатылба.
Башың колго түшүп,

Байталга сатылба?
Кордук кербе,
Талаада елбе?
Намызын бербейт,
Кыргыз колуңдан келбейт.
Ала-Тоого барган,
Айланып уйун кербейт.
Кененсары кан,
Бул бейилден жан!"

Кененсары, Шооруктан чакыртып алып солто Жаманкара баатырды баш кылып I3 баатырды елтурушу.

Тапшырган иши кыйын болгон,
Шоорук уйуне келип,
Калың казак жыйын болгон.
Кенен кандын жардыгын,
Калкына айткан.
Солто деген элде,
Жаманкара баатыр бар.
Сарбагыш деген элде,
Тулку баатыр бар деген.
Саяк деген элде,
Качыкенин Тулкусу бар.
Бул уч баатырдын атагы,
Элге угулган чатагы.
Качпай кирип,
Кабылан жолборс кармаган.
Буларды алдап чыкырып алмак болдум,
Аңгемени салмак болдум.
Буларды колго тушурсем,

Кененкандан чоң даража алмак болдум.
Жаманкараны чакырып алам,
Эбин таап элчи салам.
Кары жашың угуп тур,
Кайрат кылып чыгып тур.
Жолборстун жаткан жерине,
Ит даабайт деген сөз бар.
Кененкан аман турганда,
Бизге не кылар дейсиң.
Буга түрүлүп кошун бармак керек,
Жылкысын тийип алмак керек.
Жылкы колго тийген соң,
Арага элчи салмак керек.
Журт бололук деп,
Жаманкараны алдап,
Чакыртып алмак керек.
Жаманкараны жайлап,
Кош Түлкүгө,
Кошун менен бармак керек.
Кош Түлкү колго тийген соң,
Ормонго ойрон салмак керек.
Кыргызга кыран чалмак керек.
Муну айтып Шоорук эли менен кеңешип бүткөзүп,
кошун алып жөнөйт.
Чапыраштуу Шоорук кан,
Көпкөндүктөн оолуккан.
Солто элинен,
Бөлөкпай деген уругунан,
Калың жылкы алып,
Айдап жолго салып,

Кайтара жолун басып,
Каштек ашып,
Шоорук үйүнө барган
Барган заман турбастан,
Элинe маслет салган.
Жаманкарага элчи жиберет.
Жаманкара баатыр,
Элибиз чекиеш жатыр,
Жылкыңды алдым,
Мен бир айып иш кылып салдым.
Өзүңүз келип,
Казак, кыргыз арасын,
Калба кылбай эл кылып,
Кайрып анан келиңиз.
Жаманкара менен Шоорукта,
Казак, кыргыз жайланып,
Жакшы турду деген сөз калсын,
Айыл аралаш консун,
Кой королош болсун.
Жигит жоролош болсун.
Ушундай заман баштап,
Калкты тынчыталы деп,Жаманкараны чакыртып элчи
жиберди.

Шоорук баатыр азыркы Каштекти жердеп,кыргыз менен ирегелеш турган.Шоорук солтодон жылкы алат да Жаманкарага келип Жылкыны кайта алып кетсин, экөөбүз жакшы сүйлөшүп кыргыз менен казактын ортосун татуулаштыралы деп чакыртат.

Элчи келди,
Катын берди.
Арамдык албай,

Оюна салбай.
Жаманкара жарлык менен,
Женеп калды.
Жолдош алды,
Өзү менен он үч болуп,
Жолго салды.
Жылкысы кеткенден,
Кедейбай деген бала кошо барды.

Жаманкара I2 жолдош менен Шоорукка жөн йт. Жылкысын алдырган Кедейбай деген I3 жаштагы бала кошо барат. Баргандар атактуу баатыр Жаманкара анын акылдаштары акылдуу Болот,Алымбек, Курпук баатыр, Карачолок,Кедейбай жана калган жолдоштору менен барат. Шоорук Курпукту бир топ жолдоштору менен кайрып жиберет да, Жаманкараны төрт жолдошу менен канга апарат. Канга барып жарашып, ынтымакташабыз деп Кененканга барат. Кан сүйлөбөйт да, айылдан ыраак тигилген бир жаман кара үйгө түшүрөт. Шоорук Кененканга кабар берем деп мурун барып, канына айтып турат. Үйгө түшүргөндө ат алган кишилер токтолтпой эле аттарын алып кетет. Кирип баратып Кедейбай атты алып кеткенин көрөт. Үйүнө кирсе төө ком салган эчтеке жок, кирип өздөрү да шектенип,Болот акылдуу билгич киши экен бул каныңдын бейли жаман го мындай кылганы арзан эмес ко дейт. Жаманкара эмне кылмак эле деп тоготпойт.
Кеч киргенде арык карган койдун этин алып келет. Эт дале жебейт, азыраак ооз тийип беришет. Кеч кирет. Ошол учурда казактан жортул болуп бир карган казактын жалгыз баласы кыргыздын колуна түшүп калган экен. Кандан уруксат алып, баламдын кабарын билгени бар бекен сурап келейин. Эгер баламды билгени болсо, мага бериңиз баламды тарттырып алайын

дейт. Кан уруксат кылат. Ал казак келип, Жаманкара анын жолдошторунан сурайт.

Алар айтпайт да, көрдук же көргөну жокпуз деп ачык айтпайт. Абышка кайта кетет. Эртең да келем эгерде билсеңер айткыла кандан кутказып алам, кандай жаза буюрса да деп.

Ал кеткенден кийин өздөру кеңешип, казактын баласын айтпайлы, эмне болсок көрөрбуз. Казактын баласын айтып бериптир ошондон кутказып кыргызга келиптир дедиргенче өлтурсө өлуп коларбыз деп өздөру убадалашып, айтпоого кеңешин буткөзөт. Ошо барган куну Кененсарынын Бопуйкан деген карындашы келип, керегеден шыкаалап Жаманкараны көруп келет да, уйунө барып Кененсарыга айтат:

- Жаманкараны өлтурбө, жалдуу кара сырттан экен, муну өлтургөн жакшылык көрбөйт ,-дейт.

Кененсары:

- Андай болсо, тийип албайсыңбы -дейт.

- Тийсе тийип да алчу киши экен -дейт.

Кеч кирет Жаманкара жолдоштору менен жатып калат. Таң атат эртеси кун шашке болгондо баякы баласы жоголгон абышка келет. Силерди өлтурууге токтом болду, азыр желдеттер баякы келет да өлтурөт. Кимиңер билсеңер айткыла өлумдөн куткарып алам дейт. Убада боюнча бардыгы көргөну жокпуз дейт. Казак чыгып бара жатканда Кедейбай бала көзун ымдап коет. Казак чапкылап отуруп канга барат. Бир жаш бала бар экен, ошол чыгып келе жатсам көзун ымдады, жолдошторунан айбыгып айта алганы жок, ошону бериңиз билет окшойт деп. Кан баланы берет.Учкаштырып алып уйунө апарып кемпирине суйунчулөп,суйунуп калат.Барган-дан кийин Кедейбай айтат:

- Ата мени бала кылып алыңыз менин туугандарымдын баары келип өлуп кетти. Сиздин кызматыңыздын өтөсунө чыгамын-дейт.

Макул деп багып алат. -Эми ата менин жолдошторумду кайда өлтүрөр экен билип бер? Куран окуй жүрөлү -дейт.
Атасы барып өлтүргөн жерди билип келип берет.
Жаманкараны баатырды ыксыз көп казактар чогулуп араң өлтүрүшөт. Казактар өлтүргөн баатырлардын эки жакы бөйрөгүн оюп алып эки колдорун чөнтөкө кол салган сыяктуу салып коет. Жаманкара баатыр эки күнү өлбөстөн эки бөйрөгүн таянып отуратда өлөт. Казактар баатырлардын өлүктөрүн кумга оюп таштайт. Кандын желдеттери келип, Жаманкараны үч жолдошу менен апарып, тоодогу кумга көөмп таштайт. Бала атасына көрсөттүрүп алып, кийин кыргызга качып келгенде киши апарып издеп таппай коет. Көмгөн жеринин барын кум чайкап калат. Бала аман кутулуп келген.

Жаманкараны өлтүргөнүн угуп,
Ормон кан кыргыздын баатырларын чакырткан.

С Солтодон Жангарач, Тынайга айт,
Бугудан Боронбай,Балбай,Канайга айт,
Саяктан Медет, Даткага айт,
Чериктен Ажыбек, Мксүткө айт.
Сарбагыштан Жантай, Төрөкелдиге айт.
Кепке жетик чечененинен,
Кеңеш тапчу баатырынан калтырбай ала келсин -деп

Барып кабар бергенден кийин, кыргыз баатырлары бир баштан келе башташат. Биринчи болуп Балбай баатыр келет,

Бар жолдоштору менен,
Абдыгып шашпаган,
Ашык сөздү айтпаган.

Жаманкара баатырды чакыртып барып Кененсары өлтүргөнүн угуп

Ормон кыргыздын баатырларын чакыртат. Ормон бул кезде Ысык-Көлдун куңгөйундө жаткан.

Бул кезде саякта: Медет, Алыбек,
Черикчи баатырлар эле.
Бугуда Боромбай,Балбай,Өмур баатырлар
эле.
Чериктен: Ажыбек баатыр эле.
Сарбагыштан: Төрөкелди, Жантай,Адыл,Тулөөберди,
Калпак,Ормонбек,Субанбек баатырлар эле.
Солтодон: Жангарач,Тыналы,Төкөлдөш,Кулпук,
Жетикашка,Чыңгыз баатырлар эле.
Саруудан Ажыбек,
Кушчудан Бургө баатыр эле.
Анжиян кыргыздары катышпай калганг
Беттишкен жоодон кайтпаган,
Берен сыргак экен,
Же иним болсочу, же уулум болсочу -деп айтып, конокко
кончу жерине жиберет.

Экинчи Ажыбек келет:

Ормондуң устунө кирип, барганда эч кимиси тоготпоxxxxгон Ормон Ажыбекке келиңиз деп орун берип конок болчу жерине жибергенден кийин, агам болсочу деп арман кылат.

Ормон Балбай менен Ажыбектин эң мурун келгенин жактырып айтканы:

Ажыбек агам болсо,
Балбай балам болсочу!"дейт.

Ошентип, кыргыздын баатыр, балбан,атактуу кишисинин бары келе' келет. Чогулуп турганда кыргыздын баатырларына Ормон айтат.

Калк жыйылып болгондо,
Чатырап жыйын толгондо,
Баатыр Ормон кеп баштайт.
Кеп баштаса деп баштайт

Бул Кененсарынын чоң атасы Аблай кан илгертен бери кыргызга асылганын койбоду.

Казак калкынан илгери
Абылай деген кан чыкты.
Бул бизге душман болду,
Калаба салды,
Калктын тынчын алды.
Кыргызга кан койбоду.
Баш көтөргөн эрлерди
Башынан бери сойгону,
Башында келип,
Саяк Садыр канды шайлады.
Садырдын айткан керээзи өлөрүндө
Ал керээзди кыргыздан Эсенкул баатыры орундаткан.
Садырды Абылай кан өзүнүн Бердикожо баатырына кармат барып өлтүргөн. Бердикожо да чабулда кеткен кыргыздын аялынын боюнда кетип туулат. Садырды Абылай өлтүргөнк кезде Эсенкул 7-8 жаштык бала болот Бул XУIII-к. дакы окуя.

Садыр айтып өлгөн:

Ылаачын арыш кыргый көз,
Болот бийдин Эсенкул.
Айта көргүн кебимди,
Ушу кызы талак Абылайдан,
Менин ала көргүн кегимди.

Кан Садыр карап болгону,
Айтпай калкка угулду.
Агасы Садыр маминтип,
Армандуу болуп жыгылды.
Жанболот кайрат кылбаса,
Ким алат менин кегимди.
Өлдү деп мени ойлобой,
Таштабасын кебимди,
Эр Эсенкул,Жамболот,
Мен үчүн кайрат кылыңар?
Кубанармын өлсөм да,
Күнүмдү кууп тыныңар"
Кан Садырды сойгон соң,
Кыргызды карап кылам деп,
Кырып жоюп тынам деп,
Кылымга санат кылам деп,
Абылай кандан кол алып,
Арбын черүү мол алып,
Бердикожо жеткени,
Кан Эсенкул баатырдан,
Бердикожо баш болуп,
Кыйла казак кырылып,
Кыяматка кеткени.
Султан барак, сан барак,
Кызы талак сан талак,
Абылай кандан жол алып,
20 миң черүү кол алып,
Бу да келген анталап,
Түндүктүн белин ашыптыр,
Кең Кочкорду басыптыр.

Кочкор Ата боюнан,
Акмазардын оюнан.
Чакмак муйз, сом куйрук,
Кочкор таап алыптыр.
Бул кочкорду көргөндө,
Ажап айран калыптыр.
Карыясы кеп айтат:
"Кочкордун жайын деп айтат,
Ушул жердин ээси,
Адамдын тушөт назары
Пири тируу турбайбы,
Кочкор ата мазары.
Жамандык буга кылбастан,
Аман эсен кетели.
Ыйык мазар мал экен,
Кочкорго тийип нетели.
Карыя айтып турганда,
Ушу сөздү укканда.
Султан барак,сан барак,
Оолугуп карап турбады,
Союп таштап Кочкорду,
Мазарга сийип булгады.
Мазар дөбө башынан,
Ак бараң мылтык асылды.
Абдыгып келген сан барак,
Балакетке чатылды.
Борошо бургак ургулап,
Жер көрүнбөй чаң болду.
Көргөн жанга таң болду.
Күн көрүнбөй мунарык,

Жер көрүнбөй тунарып
Санбарак кан кырылды
Жайлайм деп келген кылымды.
Бул чогулуш өзүндө
Карылар айткан сөзүндө.
Бугудан баатыр Белек бар,
Эсенкулга жөлөк бар.
Булгап найза желейин,
Жолдош кылып Белегин.
Шамалдан казак качыптыр,
Дүнүйөсүн чачыптыр.
Артынан кууп кыргыздар,
Найза менен жанчыптыр.
Бир нечеси кырылып,
Казак кайтып шашыптыр.
Айтагын кармап алыптыр,
Алып үйгө барыптыр.
Айтак менен дос болуп,
Ак бараң оозун өбүшүп,
Аман жолго салыптыр.
Ошо күндөн ушу күн,
Кара калаа үстүндө:
Айтактын чабы деген жер,
Атак болуп калыптыр.

Абылайкан Ысык-Көлдөгү кушчу деген элде Тыныбек дегендин 400 түтүнүн кыйратып, малын булун алып, эрлерин өлтүрүп, тогуз кызды олжого алып кетип бара жатканда кыргыздардын айтканы: Күңгөйдө көлдүн жээгинде Тыныбектин быткылы деген былкыт азыр да ошол атакта.

Тыныбек кызы Канышбек,
Андайга айтып наалыш кеп.
Абылайдын колуна
Түшкөнүн айтат Канышбек
Арман кылып өзүнчө,
Түз кебин айтат Канышбек.
Түлкү жүрбөс түнөк жол,
Түнүндө кетип барабыз,
Тубу калмак залимдин,
Жолунда кетип барабыз
Карышкыр жүрбөс каран жол,
Жолунда кетип барабыз.
Кастык кылчуу залимдин,
Колунда кетип барабыз.
Кандай көйгө калабыз.
Ага туутан эл журттан,
Алыс калды арабыз.
Азапка акыр калабыз,
Бул кордукту көрбөйлүк,
Кор болуп жүрүп өлбөйлүк.
Иленин суусу чоң экен,
Зордугуна көнбөйлүк.
Өлүмгө байлап баштарын,
Түйүштүрүп чачтарын
Тогуз кыз суугa чөмүлдү,
Чөмүлгөн жерде көмүлдү.
Азап тартып жүргөнчө,
Артык көрдү өлүмдү.
Абылай кандын тукуму,
Араздыгын койбоду,

Алда канча баатырлар,
Мунун тукумунан сойлоду.
Чарчы карадай кыргызды,
Чакмак алып ойноду.
Келипсиңер баарыңар,
Улу-кичүү карыңар.
Сөзгө кулак салыңар,
Жан барында баш кошуп,
Беттешип найза салбасак.
Мурунку өткөн эрлердин,
Кунун kуyп албасак,
Кантип мындан тынабыз,
Кандай оокат кылабыз.
Балакеттүү залимден
Баш коргоп кантип турабыз.
Алыбыз келсе казакты,
Иледен ары сүрөлү,
Кумдан ары кууйлу.
Канын ичип Кенендин,
Өткөн ишке сууйлу.
Эркек козу тууганда,
Курмандык үчүн жаратkан.
Эркек бала тууганда,
Намыстык үчүн жаратkан"-деп
Сөзүн айтып бүтүрдү.
Баатыр Ормон кулүндү.
Солтолордун Жангарач,
Тозуп буга кеп айтат:
"Баатыр Ормон мазаатың,
Маакул келди деп айтат.
Катынып жашып алганча,

Катылышып көрөлүк,
Каза желип күнбүткөн,
Кармашып жүрүп өлөлүк.
Кыргыз мынча баш коштук,
Кымсынбай буга көнөлүк.
Кызы талак калмака
Кыйрашып жүрүп өлөлүк.
Биз эмес казак кыйрады,
Бир далай казак ыйлады.
Айтып өлөр кеби бар,
Атасы душман калмактын,
Казак менен кыргызда,
Кадимден бери кеги бар.
Казак тууган жолдош деп,
Бизге каршы болбос деп,
Арбак урган ит калмак,
Казакка салды бүлүктү,
Көрсөттү далай түлүктү.
Кыргызды көрүп кызыды,
Кызып бою ысыды.
Арбак урган калмактын,
Арбып кетти бузугу.
Текебер кылган адамдын,
Эгерде иши оңчу эмес,
Эзелде жолу болчу эмес.
Чоң атасы Абылай,
Таластагы саруунун,
Чечининен жеңилген.
Кептен сөздөн жыгылып,

Көзгө салкын көрүнгөн,
Кыргыздан сөзгө жыгылдым,
Көргөнүм ушул деп айткан.
Кан Абылай төрөңөр,
Өлгөнүм ушул деп айткан.
Үйүнө кайтып барганда,
Абылай көчкөн жалгандан.
Кан Садырды өлтүрүп,
Кыргыздан каргыш алгандан.
Башынан берген бабасын,
Байкадым мунун чамасын.
Кудай берсе тилекти
Басарбыз мунун санаасын.
Аларбыз акыр кор кылып,
Абылай кандын баласын".
Кыргыздын бары чуркурап,
Барысы ыйлап зыркырап.
Ак боз бээ союшуп, Азыр түлөө чалышып,
Алаканын жайышып,
Ушул сөздү укканда,
Бата кылып турганда.
Медет датка кеп айтат:
Кеп айтканда деп айтат.
"Көпмүн деп карап турчу эмес,
Азмын деп жоодон ыкчу эмес.
Кызы талак Кенен кан,
Бизден баатырдыгы мыкты эмес.
Жангарач айтып таштады,
Абылай бизге кас кылган,
Кошуунун түзөп маш кылган.

Тубүнөн бизди имерген,
Маамыт деген баласы,
Бизге кошуун жиберген.
Эдиге болгон башчысы,
Көп кошуунду баштаган,
Текебер кылып шашпаган,
Найзага туусун аштаган.
Тубүнөн ххххх ойлоп кутүнгөн,
Кушчу менен сарууну,
Таластан чаап бутүргөн.
Кылапат жок мол менен,
Кырк миң кошуун кол менен.
Эдиге келип эсирген,
Кеткен жок менин эсимден.
Сайрам суунун боюнда,
Жалпы кыргыз жамдалып,
Жарагын алып шаңданып,
Тозуп турган камданып.
Боз аргымак мингени,
Ак барпаша кийгени,
Аңгемени арбытып,
Малын бүтүн дарбытып.
Эдиге келип беттешип,
Биздин кыргыз баатыры,
Мергендердин барысы,
Мылтыктарын октошуп,
Качкан эмес четтешип.
Кансыз уруш болбойт деп,
Ак кийизге салышып,
Ак боз бээ чалышып.

Кан кэтэргэн Тайлакты,
Кэтэруп чыккан байракты.
Мергендин баары камданып,
Мылтыктарын октошуп,
Карап турган токтошуп.
Кыргыздын бүтүн кошууну,
Он миңче черүү болуптур.
Кабарын угуп казактын,
Талаага үч түн конуптур.
Аргымагын каргытып,
Агемесин арбытып.
Эдигелеп чакырып,
Эне талак кыргыздар,
Качпагын деп бакырып.
Айткан кебим тыңда деп,
Олжомдуу айып кылба деп.
Келе жаткан кезинде,
Кайраты мол өзүндө.
Чоң бараңын сундуруп,
Мергендер жайлап таштаган.
Эрегиште мергендер,
Бир атканда жазбаган.
Калың кыргыз ошондо,
Жоо качты деп бакырып,
Көп казакты жапырып,
Сур кийик атып чуратып,
Тээ мылтыктар тарсылдап,
Башынан түтүн булатып.
Казакты карай качырып,

Калың колду жапырып.
Казак токтоп турбастан,
Эч бир кайрат кылбастан.
Кабыланга урунуп,
Качып калган бурулуп.
Бутун кыргыз балдары,
Сайып салган казакты,
Далай салган азапты.
Идерлуу жигит күлүк ат,
Ийменбеген азамат.
Батып калган олжого,
Азмын деп артын ойлобо.
Чыр чыгарбай олжо алып,
Мактанып калган элибиз.
Ага тууган инилер,
Айткан сөзүм билиңер,
Айткан сөзүм билиңер.
Айбынбастан жазганбай,
Бул согушка кириңер?!
Иленин суусун чек кылып,
Казакты бутун сүрүңер.
Бар болсо ор айтыңар,
Каршылык кылчу киминер?!
Медет датка муну айтты:
Бел өтмөктө белгиси бар,
Эралынын аткан жери,
Эдиге эрдин жаткан жери деген,
Эки белгилуу жер бар" деди.
Эл сыртынан ойлоп турду,
Өзүнчө кеңеш курду.
Тулпар минип туу аштап,

Ким кошуунду баштаар экен?
Сарбагыштан Ормон,
Бугудан Балбай,
Солтодон Жангарач,
Саяктан Медет чыгар бекен деп
эл кожурап ойлонуп турушту.
Ормон сөз баштап:

"Сарбагыш, бугу, солто, саяк түпкү атабыз бир тууган, ошондуктан бул колду барыбызга калыс тууган Ажыбек баатыр баштасын",- деп Ормон айтат. Колду Ажыбек башкарып, тууну алып чыгат, эл Ормон бийлеп калды деп ойлоп калышат. Чыккан кошуун Иленин суусуна чейин барып кырабыз деп, чыгышат. Казак качып кетет. Качкан элди артынан кууган менен булар барып, камынып алышты. Кайта кетели дейт. Ажыбек "төртөөң төрт жүз киши бергиле мынчалык келгенден кийин барып бир жеринен жылкы тийип келейин" дейт. Ормон "барба" дейт. Ажыбек "Мени сен жөн эле шылдыңдап кошуунга баштык кылган турбайсыңбы "дегенде Ажыбекке Ормон Камбыл деген күлүк атын тартуу кылып, кайра келип экөө кудалашат. Ушуну менен кыргыздын жыйналган колу тарап кетишет.

## Күрпүк менен Самак барып, Шоорукту өлтүргөнү

Кыш убагында Жаманкараны чакыртып алып, Кененсары өлтүрөт. Шоорук аркылуу. Жаз, жай өткөн учурда Жаманкаранын агасы Чыңгыз баатыр күз убагында жабдыктарынын баары менен даярданып жөнөп жатат. Кайда барабыз десе, солтодон эркек адам туулбаптыр, Шооруктун айлына барып өлөйүн деп жатам дейт. Күрпүк жана кыргыздын баатырларынын өз айлындагы Чыңгышты токтолуп, камынышып, жүз киши болуп, жарак жабдыгын даярданып Шоорукка

жөнөйт. Чынгышды бир нече жолдоштору менен жолго коюп, бир нече баатыры казактын айлын аралап, көйнөкторун селде кылып, кожо болушуп көргөн эл кожо дешип турат. Шооруктун айлы кайда деп, сурап барышат. Барса, Шоорук жаңыдан көчүп, конуп жаткан учуру болот. Ошол жерден эле доолбасын уруп, Шооруктун жылкысын тийип жөнөйт. Жылкыны айдап жиберип, Күрпүк баатыр Саман 20 жашта бала жана башка баатырлар жолун тосуп калат. Аялдары Шоорукту барба дейт. Ага болбой кой торуну алып кел деп бакырып, жарагын байланып, жайдак ат минип чыгат. Келгиче Шоорук келбейт окшойт деп, Күрпүк өкүнүп турат.

Күрпүк, Самак жол тозуп,
Карап турган кезинде
Эр болсо, Шоорук келер деп,
Самап турган кезинде.
Мингени буудан койтору,
Малдан башка жой тору.
Баатыр болсоң тургун деп,
Майданды мыктап кылгын деп.
Уурдап жылкы албагын
Уят болуп калбагын.
Карагай найза майышып,
Качпай туруп сайышып.
Эрлик менен алгын деп,
Эрегиш кылып сайышып,
Теңдик менен алгын деп.
Атагым казак калач деп,
Мага чениң менен жанаш деп.
Атым баатыр Шоорук деп,
Кыргызга салган доорук деп.

Кыйратамын баарыңды,
Чениң менен оолук деп.
Кененсары каным дии бар,
Миң кишилик алым бар.
Чындап кирсем кыргызды,
Чымын чердей ойлоймун.
Миң болсо да жаныңдын,
Бир да бирин койбоймун.
Айкырып Шоорук барганда,
Айдакайын уга салганда,
Тозуп турган эр Курпук,
Качырып найза мылкытты.
Тебетей сайган немедей,
Тегеретип ыргытты.
Кой торуну кубалап,
Курпук баатыр жеңеду.
Дагы Курпук баатырдын,
Толуп жатат энеру.
Шоорук качып энтелеп,
Жеңеп журуп калыптыр.
Качып калган Шоорукка,
Самак найза салыптыр.
Качырып найза салганда
Найзанын өткур курчунан,
Боорунан сайган найзасы,
Тешип чыкты сыртынан.
Шоорук минтип өлгөну,
Өлгөнун казак көргөну.
Жалпы казак буркурап,
Жабылып тушту чуркурап.

Ойбоюн айтып өкүрүп,
Өлгөнүн көрүп өкүнүп.
Басып калды Шоорукту,
Барысы ыйлап доорукту.
Күрпүк,Самак баатырлар,
Эр Шоорукту жайлады.
Эсирип турган кезинде,
Кой торуну кармады.
Чукул коштоп алышып,
Эки баатыр жарышып,
Кегиңди алып келдик деп,
Эр Чынгышка барышып.
Эми кегим канды деп,
Чатыраган көп жылкы,
Айдап жолго салышып,
Алган жылкы көп болду,
Адам айтчу кеп болду.
Барган эл кайтты жайына,
Кегин алып казактан
Келип турган заманда
Кутулуп калды азаптан
Шоорук баатыр өлдү деп,
Жалпы журтка угулду.
Кененсары укканда,
Жаңыртып кеңеш курулду.
Кыргыз сенин барыңды
Койбосмун тирүү жаныңды,
Угузармын зарыңды.
Баштагыдан Кененкан,
Кабарчыктап кумсарып,

Шооруk өлдү дегенде,
Туралбады тынч алып.

Шооруктун өлгөн кабарын угуп Кененсары,Ноорузбайлар абдан кайраттарына келишип, айласын табышпай калышып, Чүйдүн боюндагы жаткан кыргыздын четин сыртынан чалып келүүгө баатарларын жиберет.
Солто элинин Тынаалы баатыры Чүйдүн боюнда төө башкарып жүргөн жеринен кармап алып колу-бутун кишендеп алып Кененсарынын алдына алып барат. Кененсары,Тынаалыны туткун кылып кыштай алып жүрүп, жаз болуп кой туулу болгон учурда Кенен-сары жжон топ баатырлары менен Тынаалыны ала жөнөйт, кыр-гыздын бир чоң айылын чаап кетүү үчүн.
Кененсары баатырлары менен Чүйдүн боюна келип жатып, түн ичинде кыргыздын айылын басмакчы болот.
Жолду Тынаалы баштайт. Тынаалыга Кененсары айтат:" Тынаалы кыргызыңдын бир кыйынын айылын чаптыр"-деп.
Түн ичинде Чүйдүн суусун кечип алып жөнөйт. Тынаалы айтат: "Эми кимдин айылынын үстүнөн чыгарайын; кой Тынай калпак эр неме эле, ошого алып барайын"деп ойлоп,- Теги калба күндүз болпо экен деп". Суунун ары-бери кечип чаргытат. Кененсары да арам ойлоп,"Ойбай Тынаалы бастырышың бузулду гой" дейт. Тынаалы " Ой каным адашып жатам" деп айтып бастырат. Азыркы Фрунзе шаарынын чыгыш түштүк жагындагы 10 километр жердеги Жетим коодогу кой туудуруп жаткан калпак баатырдын айылынын үстүнөн таңдын эре-середе алып чыгат. Калпак баатыр токтоо-суз атыша чыгып айылына киргизбей токтотуп турат.
Кененсары бир топ баатырлар менен аттанып келип Калпак Ор-монбек,Субанбек баатырларды өлтүрүп кетишет.

Кенен кан бекер жаткан эмес,

Чалгынчы салган,
Кыйла мээнет менен,
Кыргыздан кабар алган.
Кыргыздын четинен,
Мал жыйнап жүргөн,
Тыналыны кармап алган.
Кармаганы кыргыздын,
Солто уругу
Тынаалы болгон,
Ал Тынаалы
Тегин адам эмес,
Өзү баатыр болгон,
Элине болгон коргон.
Кептин салтын билет,
Ар түрдүү санаа менен,
Кеңешин таба жүрөт.
Кандай эми кылсам деп,
Оюна ала жүрөт.
Тынаалыны кыйнап,
Тамагын берип сыйлап.
Бутуна кишен салып,
Кыргыз калкынын,
Кандай жатканынан кабар алып.
Абылайдын кызыл туус н аштап,
Аңгемени баштап
Бутун баатырын жыйнап,
Колуна алып,
Кененкан жөнөп калды,
Кошууну менен жолго салып.
Жолго кирип,

Кошуун журуп,
Жыйын кылып жаткан,
Толук бир миң киши болуп,
Шооруктун кайгысы ичке толуп.
Сабыр кылбай кылалбай,
Сандалып туралбай.
Элинин четин чабам деп,
Эсепсиз малын алам деп
Алыска кетпесем да,
Ала-Тоого жетпесем да
Солтону соолтуп,
Сарбагышты сапырып,
Анча мынча катылып.
Пайданы таап,
Эл четин чаап.
Эрегиштин салтын көрсөтүп,
Эмгеке салайын деп
Жолго салып журуп калды.
Сен Тынаалы
Жаман бейилди ташта,
Жакшылап жолду башта.
Акыр өлбейм десең,
Абтыгып шашпа.
Күндөп түндөп жол жүрүп,
Чүйдүн боюна келип калды.
Эр Тынаалы кабыргасы кайышып,
Көңүлүнө түйүк,
Калк үчүн ичи күйүп,
Түлкүдөй жойлоп,
Чүйдүн суусун бойлоп,

Ар кандай акыл ойлоп
Аккан сууну бойлоп.
Жолду чаргытып,
Аңгемени арбытып.Мыкандын кара суусуна,
Каршы терши кечирип,
Бешин кетирип.
Кимди айылынын үстүнэн,
Чыгарсам дек болор экен деп,
Санаа алып оюна,
Келе жатып,
Не болсо да калба,
Таң атканда болсо экен.
Оюна бул сэздү алды,
Так ушул учурда,
Кененсары да сэзгэ салды.
Ой бай Тынаалы,
Жакын жолду арбыткандай болдуң кэрүндүң,
Элиңди сен аяп,
Бизди чаргыткандай болдуң кэрүндүң.
Басыгың бузулгандай,
Бул жүрүшүң жакшы болгону жок.
Таксыр каным,
Адашып жатам,
Антпесе менин,
Аяр жаным барбы?
Сизге ушул кезде
Каршылык кылар алым барбы?
Тынай Калпак баатырдын айлы,
Ушу колду элчэп табалбай жатам -деди:

Тынаалы баатыр бикир мындай болгон:
Калпак баатыр [illegible] эр эле,
Шайманы шай неме эле.
Өзү мерген эле,
Шайманы келген эле.
Не болсо да бул залимге,
Кабылан Калпак,
Турuштук берер деп.
Таң кашкайып сүрүп келген кезде,
Асманга жарык тийген кезде.
Калпактын айлын,
Каптатып чыгарды.
Тарсылдатып мылтык атып,
Карсылдатып доол кагып,
Аңгемени салды,
Айылды курчап калды.
Калпактын кылган кезиби,
Мылтык, дары, ок камдап,
Кененсары келет деп,
Камданып турган.
Баатыр Калпак,
Доолдун үнүн угуп,
Тартынбастан казак менен,
Карсылдашып атышып чыкты.
Толук кеңеш курду,
Шашке мезгилге чейин,
Колду токтотуп турду.

Бир нече казактардан кырып атып, өлтүрүп, акырында огу түгөнүп мончок менен атат:

Оңго карап он атып,

Он казакты сулатып.
Бет алдына беш атып,
Беш казакты сулатып.
Бетине келгенин жапырып турду,
Каршы келгенин качырып турду.
Солго карап он атып,
Солтондордон сулатып.
Кайратты кабат кылды,
Каары менен атышып турду.
Аябай атып,
Камакта жатып.
Ок дары бүттү.

Калпак баатырдын огу түгөнүп аягында көк мончок менен атат.
Казактар огу түгөнгөнүн билип аламан коюп Калпак баатырды өлтүрөт.
Субанбек баатыр көгөндөгү козунун ичине жашынып жатканда өзүнүн кичине баласы айтып берип казактар аныда мууздайт.
"Кененсары келип чабуул коюп Субанбекти өлтүрүп, мал-булду талап кетти" деп Ормонбекке айылы алкымда экен кабар барды.
Ормонбек баатыр Таштанбектин Болотун колго алып Кененсарынын артынан найза кызыл ат менен жөнөп Чүйдүн түндүк өйүзүндөгү тоого жеткенде кыйкырык салып айтты:"Кан болсоң качпа, кара болсоң кач" деп.
Кененсары бул кыйкырыктан токтоп турат.
Ормонбек аламан уруп барат. Камданып турган Кененсары Жандоонун өйдөрөгүндө болуп калып Ормонбекти маңдайга чаап коет.
Ормонбек баатыр кансырап жатып ошо жерде өлүм болот.

Алынча түттү.
Катындардын чач мончогунан алды,
Дүрмөткө салды.
Мончок менен,

Моюн бербей тозуп турду.
Ажалы жеткен Калпактын,
Ак мончогу түгэнду.
Куну бутк н Калпактын,
Көк мончогу түгэнду.
Ок, дарысы түгэнгэнүн билип,
Баса кирип,
Калпакты жайлап салды,
Калкына булук салды.
Казына мулкун,
Талап колго алды.
Жанында жакын,
Таштанбектин балдары,
Ормонбек, Субанбекке барды.
Калпактын айылында,
Жаңжалды угуп,
Байлаган козунун ичине барып,
Субанбек жашынып калды.
Субанбектин чоң баласынан
Атаң кайда кетти деп,
Казактар сурап калды.
Акылы жок жаш бала,
Атам мында жатат деп,
Айта салды.
Жетелеп чыгып,
Субанбекти өлтүрүп,
Бар малын алып,
Кайра тартып жолго салды.
Субанбек өлдү деп,
Кененсары келди деп,

Ормонбекке кабар барды.
Куйүп кеткен Ормонбек,
Таштанбектин Болотун колуна алып,
Найза кызыл атын минип,
Кененсарынын артынан жолго салды.
Ал аңгыча,
Чуйдүн суусун кечип,
Кашатка чыкканда,
Кененсарынын артынан,
Ормонбек кууп жетти.
Кан болсоң качпа,
Кайратыңдан шашпа.
Кара болсоң кач,
Атынын башын бурду,
Кененсары токтоп турду.
Ормонбек ажстартан шилтеп,
Кылычы жетпей калды.
Камынып турган Кененсары,
Ормонбекти башка чапты.
Кансырап жатып калды.
Акыры Ормонбек өлдү,
Буга да ажал келди.
Бул сапарды кыргызды ,
Кененсары жеңди.
Үркөр ооп жыл келди,
Таң атардын алдында.
Эр Калпагың өлдү деп,
Эр Жантайга тил келди.
Булкуп алды мурутун,
Жулкуп алды сакалын.

Ат куйругу булайып,
Таң атардын алдында.
Эр Жантайдын кызыл туу,
Чөмүчтөн башы кылайып.
Атка салды жүгөндү,
Ажалы жеткен Калпактын,
Көк мончогу түгөндү.
Төөгө салдыжүгөндү,
Ажалы жеткен Калпактын,
Мончогу мунун түгөндү.
Ажал жетип күн бүтүп,
Калпак өлдү жалгандан.
Аз аңгеме айтылды,
Айтылып нуска калгандан.
Ормонбек менен Субанбек
Эки туйгун женеду,
Айткан менен пайда жок,
Өлгөндөр кайтып келеби.

Жазгы кой туутта Калпак өлөт. Эл өөдө тартарда
Кененсары кол менен келет.

Кененсары казактан көп кол жыйып кыргызды карай
аттанганы.

Аз гана эмес мол менен,
Алты сан кара кол менен,
Кыргызга кыргын салам деп,
Жөнөп калды жол менен
Казактын барын жыйнатып,
Канча жанды кыйнатып.
Кыргызды ойрон кылам деп,

Кыз-катынын ыйлатып,
Жайлоо капкап толгон кези,
Мал семирип болгон кез.
Атпай кыргыз балдары,
Ала тоого конгон кез.
Кыргызга кыргын салам деп,
Арбын кошуун барам деп,
Кыз-катындан олжого,
Кыйласын тандап алам деп.
Кыргыз деп атак калдырбай,
Тукумун койбой кырам деп.
Ала тоого жарданып,
Өзүм барып турам деп.
Катындарын тул кылам,
Эркектерин кул кылам.
Бүтүн казак аттан деп,
Бул сөзүмдү жатка ал деп.
Баатыр жигит күлүк ат,
Мен барам деп каттан деп.
Баатырлар барың шайлан деп,
Барам деп көөнүң жайлан деп,
Арбын мал байлап алууга
Аркан жибиң байлан деп.
Ургачы эркек калба деп,
Жардыгымды карма деп.
Карк олжодон куур калып,
Эртең сөзүң танба деп.
Кызыл желек ак түпөк,
Баатырлар барсын майданга.
Кызыл жоолук ак жоолук,

Катындар барсын майданга
Абылай кандын ургунан,
Кырк төрөнү кошчу алып,
Чубуртмалуу элинен,
Агабайды башчы алып,
Эржан, Саржан төрөлөр,
Датка Байрак, Ноорузбай.
Жапар төрө баласы,
Муну да кошуп алыптыр.
Калың казак журтуна,
Каарын катуу салыптыр.
Саратан жайдын өзүндө,
Калкын жыйнап алыптыр.
Калкын жыйнап кутунуп,
Сарамжалын бутуруп
Сан казагын самсытып,
Айдап Кенен жөнөду.
Эркек,аял аралаш,
Турулгөн түмөн кол болду.
Аз эмес арбын мол болду.
Кулундарын ээрчитип,
Бээ мингени дагы бар
Туйшук тартып зар ыйлап,
Төө мингени дагы бар.
Кан чакырды барам деп,
Калың олжо алам деп,
Кол байланып кор болуп,
Жөө жургөнү дагы бар.
Катын эркек аралаш,
Бирине бири карабай,

Абылайдын кызыл туу,
Асмандатып аштаптыр.
Аскерим арбын болду деп,
Кенен кан колун баштаптыр.
Найзанын учу кылкылдап,
Жолго тушту шылкылдап.
Мен Абылай кандан келем деп,
Аскерим арбын кенен деп.
Кыргыздан тукум калтырбай,
Кыйратып таштап келем деп.
Ормонун ойрон кылам деп,
Ала тоого мен барып,
Ордо салып турам деп.
Көрк көрсөтөм душманга,
Арбын кошуун кол менен,
Катын, эркек аралаш,
Турулгөн кошун мол менен.
Деп кан тоосунан аттанып,
Калкына Кенен мактанып,
Желпилдеген туу менен,
Жер майышкан кол менен.
Үку баштуу туу менен,
Үпчүң кийген эр менен.
Асаба желек калкалдап,
Айбалта мылтык жалтылдап.
Чарайна төшкө чапташып
Карыпчын колго капташып
Абылай кандын Кененди,
Атпай журту макташып.
Кармаганы кузул туу,

Казактын баары узу-чуу.
Кесири арбын Кенендин,
Кылган иши мынабу.
Асылы казак кыйыры,
Кең Меркиде жыйыны,
Меркидеги Ботпайдын,
Супатай, Андаш кыйыны.
Менин өкүмүмдү кылбайт деп,
Жолумду тозуп турбайт деп.
Менин жардыгымды кылбайт деп,
Даяр болуп турбайт деп.
Супатай менен Андашты,
Каарына алды Кенен кан.
Кан Кенен казап кылганда,
Карап турду нечен жан.
Эми Супатай менен Андаштын,
Кылып жүргөн эби бар,
Жангарач менен сүйлөшүп,
Жайланып жүргөн кеби бар.
Бул, Кенен кан пайда кылбайт деп,
Мунун артында иши тынбайт деп,
Ушунчалык оолукту,
Убада сөзгө турбайт деп.
Жангарач менен жайлашып,
Убада сөзүн байлашып.
Бекилген сөзү башында,
Берен Андаш,Супатай,
Жангарачтын кашында,
Байзак келип Ормонго,
Куда болгон жери бар.

Убада сезүн бекитип,
Айтып жүргөн кеби бар.
Кененсары күркүрөп,
Жалпы казак сыртынан,
Кылып жүргөн деми бар.
Кененсары келгенде,
Баатыр Андаш, Супатай,
Келгенин анык көргөндө,
Эң улугу Кенен кан,
Айдап келген кошунга,
Ургачы, эркек нечен жан.
Меркиге келип туу тигип,
Супатай менен Андашты,
Каарына алды келтирип.
Ботпай сенин жарыңды,
Тирүү койбой жаныңды,
Кыргыздан мурун кыйратып,
Тынамын деп өчүрүп.
Супатай, Андаш келишти,
Кенен кан менен көрүштү.
Баш алдаяр таксыр деп,
Эңкейип колун беришти.
Колун сунду Супатай,
Эр Ноорузбай төрөгө.
"Сен төрө эмессиң карасың,
Асылың казактан тууган баласың.
Каранын колун албаймын,
Колуң арам төрөгө.
Мен арам колду албаймын,
Төрт казагым колуңду.

Табармын сенин жолунду.
Кезүм аман турганда,
Көрсөтөмүн сонунду".
Анда Кенен кан айтат:
"Андай эмес карагым,
Артын байкап сагагын,
Андаштын шагын сынбасын
Супатай карап турбасын".
Ноорузбай ага болгон жок,
Ойлонгон сөзүн койгон жок.
Мен алуучу кол эмес,
Колуң арам Супатай.
Мен жүрүүчү жол эмес,
Жолуң арам Супатай.
Тарт колуңду кайткын деп,
Былжыраган сөзүңдү,
Башка адамга айткын деп.
Ноорузбай төрө элирди,
Эпсиздкылды кесирди.
Супатай анда кеп айтат
Кеп айтканда деп айтат:
"Кенен кандын өзүнө,
Алдаяр таксыр деп айтат.
Колумду албай койду деп,
Капа болбойм төрөмө.
Тууганы сөздөн жалтанып,
Душмандын мизин кайтарып,
Көрк көрсөтүп жатпайбы,
Атпай алач калкына,
Эрк көрсөтүп жатпайбы".

Кенен кан туруп кеп айтат:
Кечиримсиз бек айтат.
"Эй, Супатай эр Андаш,
Колуңду жүргүз деп айтат.
Жан калбасын жайыңда,
Эл качбасын элиңде.
Кабардар болгун сөзүмө.
Каралдың керек өзүмө,
Кана колуң көрөйүн,
Элиңди көрсөт көзүмө".
Кутунуп турган Супатай,
Жан калдырбай жыйнады,
Жангарач менен сөзү бар,
Артына кылчаң кылбады.
Каптаган кара кол менен,
Кара курттай мол менен,
Тууну туугa урушуп,
Тулпар минип урушуп,
Кыргызды кыйла мүргүтүп,
Солтонун барын үркүтүп.
Талкандын четин талкалап,
Качкандары кутулуп,
Калктын чети тутулуп.
Колго түшкөн пендени,
Кордук кылып өлтүрүп.
Далай жандын барына,
